Чынчыл болгула, анткени чындык жакшылыкка жетелейт, а жакшылык болсо бейишке алып барат

Абдуллах бин Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынчыл болгула, анткени чындык жакшылыкка жетелейт, а жакшылык болсо бейишке алып барат . Адам чындыкты айта берип, чынчылдыкка берилсе, Аллахтын алдында чынчыл деп жазылат. Жалган айтуудан сак болгула, анткени жалган жамандыкка жетелейт, а жамандык болсо тозокко алып барат. Адам жалган айта берип жалганга берилсе, Аллахтын алдында жалганчы деп жазылат".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чынчыл болууга буйруп, чынчыл болуу дайыма ийги иш-амалдарды аткарууга жеткирерин баяндаган. Ал эми жакшы иш-амалдары аны аткарган адамдын бейишке кирүүсүнө себеп болот. Ашкере болобу, жашыруун болобу, дайыма чынчыл болгон адам, өтө чынчыл деген атка татыктуу болот. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жалган сүйлөөдөн тыйып, эскертти. Анткени, жалганчылык туура жолдон тайдырып, жаман, бузук, күнөө иштерге түртөт. Анан аны тозокко түшүрөт. Жалганчылыгын таштабай улам жалган айта берсе, Аллахтын алдында жалганчы деп жазылат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5504